
# Кыргыз Республикасынын ЖАРАНДЫК БЮДЖЕТИ-2012




**Басылма Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан даярдалып, “Сорос-Кыргызстан” Фондунун колдоосу менен жарык көрдү**

УДК 336
ББК 65.9(2Ки)261.3
Ж 34

***Басылма Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан даярдалып, “Сорос-Кыргызстан” Фондунун*** колдоосу менен жарык көрдү

ИШТЕП ЧЫККАНДАР:
***Нурида Байзакова, Бакыт Сатыбеков, Бурул Маймерова***

РЕДАКТОР:
***Надежда Добрецова***

КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КОТОРГОН:
***Зейнеп Алтымышова***

**Ж 34** **Жарандык бюджет. Кыргыз Республикасынын 2012-жылга карата республикалык бюджетинин кыскача баяндамасы – Б.: 2012. – 20 б.**

**ISBN 978-9967-11-344-2**

Жарандык бюджет – бул атайын билимге ээ болбогон жарандарга түшүнүктүү тилде мамлекеттик бюджеттин негизги көрсөткүчтөрүн кыскача жана жөнөкөй баяндоо. Жарандык бюджет – айкындуулуктун символу, бул Өкмөт ачык иштеп жатканынын жана бардык мамлекеттик каражаттар үчүн отчет берүүгө даяр болгондугунун далили.

Жарандык бюджетти жарандык коомдун уюмдарынын катышуусу менен Каржы министрлигинин колу менен Өкмөт даярдайт. Жарандык бюджетке жарандарга экономиканын өнүгүүсүнүн деңгээлин жана темпин баалоого жардам берген макроэкономикалык көрсөткүчтөр; кирешелер менен чыгашалар ортосундагы баланс; бир алуучуга мамлекеттик кызматтын тилигинде кирешелер жана чыгашалар боюнча маалыматтар камтылат.

Жарандык бюджет “Сорос-Кыргызстан” Фондунун “Бюджеттик айкындуулук жана отчеттуулук” Программасы тарабынан колдоого алынган долбоордун алкагында даярдалды. Жарандык бюджеттин электрондук вариантын www.minfin.kg www.dpi.kg www.soros.kg сайттарынан таба аласыз.

soros.kg

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

Ж 0605010204-12
ISBN 978-9967-11-344-2

УДК 336
ББК 65.9(2Ки)261.3
© МФ КР, 2012
© ИПР, 2012

## МАЗМУНУ


**Бюджет деген эмне?** ............................................ 4

**Жарандык бюджет деген эмне?** ............................ 4

**Мамлекеттин бюджети үй-бүлөнүн бюджети өңдүү** ............................................ 4

**Макроэкономикалык көрсөткүчтөр** ........................ 5

**2012-жылы КРнын мамлекеттик бюджети** ............... 7

- Мамлекеттик бюджеттин кирешелери ........................ 8
- Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары ........................ 9
- Жалпы дайындоодогу мамлекеттик кызматтар ........................ 10
- Экономикалык маселелер ........................ 11
- Айыл чарба ........................ 11
- Транспорт ........................ 12
- Эс алуу, маданият жана дин ........................ 13
- Айлана чөйрө ........................ 13
- Саламаттык сактоо ........................ 14
- Билим берүү ........................ 14
- Пенсиялык камсыздоо ........................ 16
- Жумушсуздук боюнча жөлөк пул ........................ 16
- Коомдук-акы төлөнгөн иштерди уюштуруу ........................ 17
- Жумушсуздарды профессионалдык жактан кайра даярдоо ........................ 17
- Жумушсуздарга микрокредит берүү ........................ 18

**ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕР** ................................ 18

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик маалымат ресурстары** ........................................ 20

**КР Каржы министрлигинин байланыш даректери** .... 20

**Иштеп чыккандардын байланыш даректери** .......... 20

## БЮДЖЕТ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Бюджет – бул мамлекеттик башкаруу системасынын бөлүгү, бирок бюджет ар бир жарандын кызыкчылыктарына тиешелүү. Ал жашоонун бардык чөйрөсүнө түз же кыйыр таасирин тийгизет – иш табуу, жөлөк пул алуу, балдарды окутуу, дарылануу ж.б. мүмкүнчүлүктөрү.

Бюджет мамлекеттин жарандарга көрсөткөн кызматтарын жана мамлекеттик саясатты аткаруу ишин каржылык ресурстар менен камсыздайт. Анын көлөмүнөн жолдордун абалы, көчөлөрдү жарыктандыруу жана ар бирибиздин коопсуздугубуз көз каранды.

Мамлекеттин ийгиликтүү ишмердүүлүгү жана бюджеттин ресурстары – бири бирине көз каранды нерселер. Деги бюджет деген өзү эмне?

**Мамлекеттин бюджети – коомго зарыл болгон чыгашалардын планы жана аларды каржылоо үчүн керек болгон күтүлгөн кирешелердин булагы.**

Коом мамлекеттин чыгашаларын жана кирешелерин пландаштырууга активдүү катышыш керек. Анткени мамлекет өзүнүн эмес, коомдун каражаттарын колдонуп жатат. Коом мамлекеттик кызматтарга байланыштуу өз керектөөлөрүн канааттандырыш үчүн мамлекетке салык жана жыйым төлөйт. Мамлекет коомдук каржыны колдонгондуктан ал бюджет боюнча чечимди ачык кабыл алышы жана мамлекеттин коом алдында отчет бериши керектиги тууралуу талаптар айтылып келет.

## ЖАРАНДЫК БЮДЖЕТ ДЕГЕН ЭМНЕ?

**Жарандык бюджет** – бул атайын билимге ээ болбогон жарандарга түшүнүктүү тилде мамлекеттик бюджеттин негизги көрсөткүчтөрүн кыскача жана жөнөкөй баяндоо.

**Жарандык бюджет** – айкындуулуктун символу, бул Өкмөт ачык иштеп жатканынын жана бардык мамлекеттик каражаттар үчүн отчет берүүгө даяр болгондугунун далили.

**Жарандык бюджетти** жарандык коомдун уюмдарынын катышуусу менен Каржы министрлигинин колу менен Өкмөт даярдайт.

**Жарандык бюджетке** жарандарга экономиканын өнүгүүсүнүн деңгээлин жана темпин баалоого жардам берген макроэкономикалык көрсөткүчтөр; кирешелер менен чыгашалар ортосундагы баланс; бир алуучуга мамлекеттик кызматтын тилигинде кирешелер жана чыгашалар боюнча маалымат камтылышы мүмкүн.

## МАМЛЕКЕТТИН БЮДЖЕТИ ҮЙ-БҮЛӨНҮН БЮДЖЕТИ ӨҢДҮҮ

Мамлекеттин бюджети тууралуу түшүнүктү жакшылап өздөштүрүү үчүн аны өзүнчө бир үй-бүлөнүн, же өзүнчө бир жарандын бюджети менен салыштырса болот. Ар бирибизде кайсы бир үй-бүлөдө болгондой эле керектөөлөр жана каалоолор бар. Аларды канааттандыруу үчүн кирешелер зарыл. Ал эми адатта алар бардык керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн жетишсиз.

Андыктан чыгашалардын өлчөмү кирешенин деңгээли менен аныкталат жана биз чыгашаларды алардын артыкчылыктуусуна жараша төлөйбүз. Мисалы, адегенде биз азык-түлүк сатып алабыз, андан кийин акча артса гана

интернет үчүн төлөйбүз. Андыктан бюджетти башкарууда бир жагынан үй-бүлөнүн негизги керектөөлөрү жана муктаждыктары, ал эми экинчи жагынан алардын кирешеге шайкеш келиши керектигине көңүл буруу маанилүү. Андыктан бюджет 2 бөлүктөн – киреше жана чыгаша – турат.

Айрым үй-бүлөлөрдө кирешелер чыгашалардан көп болушу мүмкүн. Ошондо артып калган каражат банкка депозитке чогултуу, кымбат баалуу металлдарды, баалуу кагаздарды же башка инвестицияларды сатып алуу үчүн колдонулушу мүмкүн. Анткен менен үй-бүлө кирешесинен ашып түшкөн чыгашаларды да жасаган учурлар сейрек эмес. Мындай кырдаалда карызга акча алуу жана башка чыгашаларды азайтуу зарылчылыгы пайда болот. Мындан тышкары ар бир үй-бүлө ири сатып алууларды ишке ашырат. Мисалы, батир же үй сатып алат.

Мындай нерселер бир жылдын ичинде гана айлыктын эсебинен чогултулган кирешенин эсебинен сатып алынбайт жана бизден бир нече жыл бою акча чогултууну, же насыя алууну, же болбосо достордон, туугандардан карызга акча алууну талап кылат. Ошондуктан үй-бүлө бересени кайтаруу зарылчылыгын эсепке алып, өз кирешелерин жана чыгашаларын пландаштырыш керек. Жогоруда айтылгандардын баары мамлекетке да тиешелүү.


Мамлекет пландаштырат:

- кирешелер, б.а. мамлекетте кандай өлчөмдөгү акча болот жана аларды кайсы булактардан алат.
- чыгашалар, б.а. мамлекет коомдун кайсы суроо-талаптарын канааттандырат, ал канчага турат жана ушундан улам мамлекеттик саясаттын кайсы максаттары каржыланат.

Чыгашалар кирешелер менен салыштырылат жана алардын балансы чыгарылат. Керектөөлөрдү жабуу үчүн акча жетишсиз болгон учурда карызга алынчу булактар пландаштырылат же чыгашалар кыскартылат, ал эми киреше чыгашадан ашып түшсө, артык акчаны кайда киргизүү керектиги тууралуу чечим кабыл алынат.


## МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

Макроэкономикалык көрсөткүчтөр мамлекет кирешени аз таптыбы же көппү, бул кирешелер билим берүүнү, саламаттык сактоону, калктын аярлуу катмарлары үчүн жөлөк пул жана жарандар үчүн маанилүү болгон башка кызматтарды жетишерлик деңгээлде каржылай алабы деген нерселерди түшүнүүгө жардам берет.



**Ички дүң продуктусу (ИДП)** өлкө өз аймагында экономиканын бардык тармактарында бир жыл ичинде керектөө үчүн канча товарды жана кызматтарды өндүрөрүн, канча экспорт жана чогултуу жүргүзөрүн көрсөтөт.

**Калк башына ИДП** өлкөнүн бир жараны экономиканын бардык тармактарында бир жыл ичинде керектөө үчүн канча товарды жана кызматтарды өндүргөнүн, канча экспорт жана чогултуу жүргүзгөнүн көрсөтөт.




**1 ат** **2 орточо компьютер** **60 300 сом**

**Инфляция** баалардын өсүшүн чагылдырат. 2010-жылы 2009-жылга караганда баалар 19,2%га өстү, ошондо 2011-жылы баалардын өсүшү мурунку жылга караганда 5,7% болду. 2012-жылга карата божомол – 9%.

**Мамлекеттик карыз –** бул карыздын негизги суммасынан төлөнгөндөн кармалып калгандан тышкары өлкө алган заёмдордун (тышкы жана ички) суммасы.


**Калк башына мамлекеттик карыз –** бул алынган жана төлөнбөгөн заёмдор (тышкы жана ички) боюнча өлкөнүн ар бир жаранынын карызынын суммасы. Акыркы үч жылда калк башына мамлекеттик карыз бир аздан гана өсүүдө. Тышкы карыз – бул мамлекеттин резидент эместердин алдындагы карызы (чет мамлекеттери, эл аралык уюмдар ж.б.). Ички карыз – бул мамлекеттин резиденттердин алдындагы карызы (өлкө жарандары).

## КРнын ар бир жараны канча карыз? (калк башына мамлекеттик карыз)



**27 217 сом** **1 компьютер** **3 чоң кой**

*Жашоо үчүн зарыл болгон каражат минимуму –* бул белгилүү бир өлкөдө жашоонун белгилүү бир деңгээлин камсыздоо үчүн зарыл деп эсептелген кирешенин минималдык деңгээли.




**Жашоо үчүн зарыл болгон каражат минимуму** **4 920,7 сома**

*Жакырчылыктын деңгээли –* бул жашоо үчүн зарыл болгон каражат минимумунан төмөн киреше көлөмүнө ээ болгон калктын үлүшү. 2012-жылы Кыргызстан калкынын 30 пайызы жакыр болот.

*Калктын орточо жылдык саны –* бул тиешелүү жылдын (мезгилдин) башына жана аягына орточо арифметикалык саны – 2012-жылы 5 миллион 297 миң 300 адамды түзөт.

*Орточо айлык акы –* бул өлкөдөгү бардык кызматкерлердин орточо арифметикалык айлык акысы – 2012-жылы 11 миң 316 сомду түзөт.





## 2012-ЖЫЛЫ КРнын МАМЛЕКЕТТИК БЮДЖЕТИ


*Мамлекеттик бюджеттин кирешелери –* бул салыктар, салыксыз төлөмдөр (жыйымдар, айып пулдар, санкциялар, дивиденддер ж.б) жана донорлордон расмий трансферттер же жөнөкөй тил менен айтканда гранттар. *Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары –* бул мамлекеттин төмөнкүлөргө короткон акчасы: мамлекеттик уюмдар, маданият мекемелери, мектептер, ооруканалар, насыялар жана дыйкандарга жардамдар ж.б. 2012-жылга Кыргызстандын бюджетин төмөнкүдөй схема түрүндө элестетсе болот.




Таразанын оң тарабы (чыгаша – 105 миллиард сом) сол тарабына караганда (кирешелер – 88,6 миллиард сом) оорураак. (Бул демек мамлекеттик бюджетте 16,4 миллиард сом дефицит дегенди түшүндүрөт). Мындай кырдаал өткөөл экономикага ээ болгон өлкөлөр үчүн салттуу. Анткени структуралык кайра курулуш жана тездетилген өнүгүү үчүн тышкы каржы ресурстары зарыл.

Ошондой эле салтка айлангандай бюджеттин дефицити да жыл сайын абсолюттук чоңдукта өсүүдө. Бирок ИДП карата бюджеттин дефицити акыркы бир нече жылдан бери жетишерлик деңгээлде бекем турат.









Эгерде чыгашалар барган сайын көбөйүп жатса (бюджеттин дефицити), анда бул дефицитти жабуу үчүн акчаны кайдан алып жатабыз? Бюджеттин дефицитин жабуучу булактар төмөнкүдөй:

| | |
|---|---|
| Ички карыз | 3,29 млрд. сом |
| Тышкы карыз | 13,12 млрд. сом |
| **БАРДЫГЫ:** | **16,41 млрд. сом** |

## Мамлекеттик бюджеттин кирешелери

2012-жылы мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин ири бөлүгүн (88 миллиард сом) салыктар түзөт – 73 пайыз, андан соң салыксыз төлөмдөр – 18 пайыз жана гранттар – 9 пайыз.







*Салык –* мамлекеттин (же) муниципалдык түзүлүштөрдүн ишмердүүлүгүн каржылык камсыздоо максатында уюмдардан жана физикалык жактардан түрдүү деңгээлдеги мамлекеттик бийлик органдары тарабынан алынган милдеттүү, индивидуалдык кайтарымсыз төлөм. Салыктардын арасында олуттуу орунду **кошумча нарк салыгы (КНС)** ээлейт. КНС – кыйыр салык, кошумча нарктын бөлүгүн мамлекеттин бюджети үчүн алуу формасы, бул нарк товарды өндүрүү, иш аткаруу жана кызмат көрсөтүүнүн бардык процессинде жаралат жана ишке ашырылганына жараша бюджетке киргизилип турат. Башка сөз менен, КНС – товардын/кызматтын баасына кошулган салыктын бир түрү.

Ошондой эле аларга төмөнкүлөр кирет: менчиктештирүүдөн түшкөн каражат, дивиденддер, айып пулдар, санкциялар, конфискациялар ж.б.

*Грант –* бул ар түрдүү мамлекеттик максаттарга өнөктөш өлкөлөрдөн жана донорлордон мамлекетке берилген акчалай же натуралдык формадагы кайтарымсыз субсидия.

## Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары

Бардык мамлекеттик чыгашалар функционалдык белгилери боюнча он топко топтоштурулат.




2012-жылга мамлекеттик бюджетте социалдык чыгашалардын үлүшү чоң: билим берүү жана социалдык коргоо экономикалык маселелерге кеткен чыгашалардан кийинки эле экинчи орунда турат.

Эгерде 2012-2011-жылдардагы кырдаалды салыштыра турган болсок, анда мамлекеттин артыкчылыктары кандай өзгөргөнүн түрдүү секторлордун каржылануусу аркылуу байкаса болот. Пайыздарда өсүш темпи канчалык көп болсо, артыкчылык да ошончолук жогору. Экономикалык маселелерге, социалдык коргоого, билим берүүгө, саламаттык сактоого чыгашалар олуттуу өстү. Баарынан тез жалпы дайындоодогу мамлекеттик кызматтарга, анын ичинде башкаруу органдарын кармоого (эң жогорку таякча) чыгашалар өсүп жатат. Айлана-чөйрөгө чыгашалар баарынан аз (эң төмөнкү таякча). Ошондой эле турак жай-коммуналдык кызматтарга, эс алууга, маданиятка жана динге чыгашаларда төмөндөө байкалат. Ошондой эле коргонуу, коомдук тартип жана коопсуздукка чыгашалар бир аз кыскарган.

## *Жалпы дайындоодогу мамлекеттик кызматтар*


2012-жылы өкмөт мамлекеттик кызматкерлердин санын 20%, ал эми аларды кармоого кеткен чыгашаларды 800 миллион сомго кыскартты.





Мында мамлекеттик кызматтын престиждүүлүгүн арттыруу жана мамлекеттик кызматка квалификациялуу кызматкерлерди тартуу максатында мамкызматкерлердин орточо айлык акысы орточо эсеп менен эки миң сомго көбөйдү. Анткен менен мамкызматкерлер өлкө боюнча орточого караганда (болжол менен 11 000 сом) да азыраак айлык акы алышат (болжол менен 10 000 сом).

## *Турак жай-коммуналдык чарба*

Турак жай-коммуналдык комплексти кармоо салык төлөөчүлөргө бир топ эле оор болууда, анткени тарифтин наркы мамлекеттик бюджеттен дотацияланат. Энергетикалык системаны колдоо зарылчылыгына байланыштуу мамлекеттик бюджет кошумча жүктү көтөрүүгө мажбур.





## Экономикалык маселелер




## Айыл чарба

Элет жеринде Кыргызстан калкынын 65% жашаганына байланыштуу айыл чабра өндүрүшчүлөрүн колдоо мамлекеттин артыкчылыктуу милдеттеринин бири болуп эсептелет. Мамлекет дыйкандарга күйүүчү-майлоочу материалдар, үрөн, жеңилдетилген кредит, айыл чарба техникасы түрүндө жардам бөлүп турат.



Белгилей кетчү жагдай, бюджеттен айыл чарба өндүрүшчүлөрүн колдоого багытталган жалпы чыгашалар 2009-жылдан 2011-жылга чейин көбөйүп келген, бирок 2012-жылы бул чыгашалар 160 миллион сомго азайды. 2010-жылдан бери айыл чарба өндүрүшчүлөрдүн саны жетишерлик деңгээлде туруктуу жана 332 миң адамды түзөт. Жардам түрлөрү боюнча кырдаал өзгөрдү. Мында 2011-жылга чейин колдоонун негизги формасы КММ бөлүү болуп келсе, 2011-жылдан тарта колдоо көбүрөөк жеңилдетилген кредит формасы түрүндө бериле баштады. Мисалы, 2009-жылдан 2011-жылга чейин күйүүчү-майлоочу материалдар 234,542 жана 238 миллион сом өлчөмүндө берилген.


2012-жылы КММ берүү пландаштырыла элек. 2011-жылы бюджеттен жардам түрүндө 198 миллион сомго айыл чарба техникасы берилген. 2011-жылы айыл чарба өндүрүшчүлөргө бюджеттен 565 миллион сомго кредит берилген, 2012-жылы бул сумма бир миллиард сомго чейин өсөт.

2009 жана 2011-жылдары үрөн 48 жана 12 миллион сомго берилген. 2012-жылы да 50 миллион сомго үрөн берүү пландаштырылууда.

Бир айыл чарба өндүрүшчүсүнө жардамдын орточо көлөмүн эсептей келгенде жылына 7 миңден 10 миң сомго чейин болот. 2012-жылы бул көрсөткүч 9300 сомду түзөт.

## Транспорт

Транспортко мамлекеттик чыгашалар абсолюттук туюнтмадан алып караганда өстү: 2009-жылдагы 4,9 миллиард сомдон баштап 2010-2011-жылдардагы 8,2 миллиард сомго чейин. 2012-жылы жолдорду калыбына келтирүү жана куруу үчүн чыгашалар 7,7 миллиард сомду түзөт.




Белгилөөчү жагдай, салыштырмалуу чоңдукта (ИДП карата %) транспортко кеткен чыгашалар ИДП карата 3,7% жетип, 2010-жылы 2009-жылга салыштырмалуу кескин өскөн, андан соң азайган жана 2012-жылы 2009-жылдын деңгээлине түшүп калган. Б.а. – ИДП карата 2,4% түзгөн.

## Социалдык маселелер

### Эс алуу, маданият жана дин


Эс алууга, маданиятка жана динге кеткен чыгашалардын ичинен эң көп төмөнкүлөр коротот: Маданият жана туризм министрлиги – 730 миллион сом, телерадиоберүү компаниялары – 488 миллион сом жана Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги – 276 миллион сом. Кинематография департаментине 2012-жылга бюджеттен болжол менен 33 миллион сом бөлүнүп жатат. Бул акчага 2012-жылы 1500 театралдык-оюн зоок спектаклди уюштуруу, музейлерде 300-350 көргөзмө өткөрүү жана улуттук киностудияда 20 тасма чыгаруу пландаштырылган.




### Айлана-чөйрө


Тилекке каршы айлана-чөйрөгө чыгашалар өкмөт үчүн артыкчылыктуу эмес экен. Буга айлана-чөйрөгө мамлекеттик чыгашалар далил болуп берет. 2009-жылы бул чыгашалар 607 миллион сомду түзсө, 2012-жылы бул сумма болгону 420 миллион сомду түзөт.

ИДП карата пайызда айлана-чөйрөгө чыгашалар төмөндөөнүн туруктуу тенденциясы менен мүнөздөлөт: 2009-жылы ИДП карата 0,21 пайыздан 2012-жылы ИДП карата 0,13 пайызга чейин.




## Саламаттык сактоо

Саламаттык сактоо – бюджеттик чыгашалардагы өзгөчө ири беренелердин бири. Саламаттык сактоого жалпы чыгашалар акыркы жылдары туруктуу өсүүдө. 2009-жылы 6 миллиард сом болсо, 2011-жылы ал 9,4 миллиард сомго жетип, 2012-жылга 11,4 миллиард сом деп пландаштырылды. Дарыгерлердин орточо айлык акысы акыркы эки жылда көзгө көрүнөрлүк деңгээлде өстү – 2012-жылы 9300 сомду түздү. Орто медициналык кызматкердин орточо айлык акысы 7900 сомго жетти. Орточо алганда саламаттык сактоого мамлекеттик бюджеттен чыгашалар өлкөнүн ар бир жаранына 2012-жылы 2 миң 213 сомду түздү.





## Билим берүү


Билим берүү – экономикалык суроолордон кийинки эле бюджеттик чыгашалардагы беренелердин көлөмү боюнча экинчи орунда турат. Билим берүүгө чыгашалар 20 пайыз көлөмдө мамлекеттик чыгашалардын бардык үлүшүн ээлейт. Билим берүүгө чыгашалардын анча көп эмес азайганы 2010-жылы байкалган (жалпы чыгашалардан 18%), бул болсо 2010-жылдын март жана июнь айларындагы окуяларга байланыштуу болду. 2011-жылы билим берүүгө чыгашалар бюджеттин жалпы чыгашаларынан 22% түздү; ИДП карата пайыздар менен караганда бул 7% бир аз көбүрөөктү түздү. Абсолюттук туюмда 2009-жылы билим берүүгө жалпы чыгашалар 12,5 миллиард сомду, 2010-жылы 12,8 миллиард сомду, 2011-жылы 19,4 миллиард сомду түзсө, ал эми 2012-жылга 21,6 миллиард сом пландаштырылды.



Мектептерде ошол учурдагы ремонт үчүн ушул жылдары бюджеттен жыл сайын 100 миллион сомдон бөлүнүп турду, ушул эле сумма 2012-жылга да каралган. 1-4-класстардын окуучуларынын тамактануусуна жалпы чыгашалар бара-бара көбөйүп турган: 2009-жылы 348,5 миллион сом бөлүнсө, ал эми 2012-жылы ушул беренеге 475 миллион сом коротуу пландаштырылып жатат.




Бир окуучуга эсептей келгенде мамлекеттик чыгашалар үч жыл бою жалпысынан бир деңгээлде кармалып келатты. Орто мектептин бир окуучусу үчүн чыгашалар өсүп турду: 2009-жылы 5,8 миң сомдон 2011-жылы 10,8 миң сомго чейин (мектеп билиминин чыгашаларынын жалпы окуучулардын санына болгон катышы). 2012-жылы бул индикатордун орточо көлөмү жергиликтүү бюджеттерди бекиткенден кийин белгилүү болот. Мугалимдердин орточо айлык акысы 2009-жылдагы үч миң сомдон 2011-жылы беш жарым миң сомго өстү. 2012-жылы мугалимдердин айлык акысынын өлчөмү да жергиликтүү бюджеттерди бекиткенден кийин белгилүү болот.





Бир окуучуга бюджеттеги чыгашаларга салыштырмалуу ПТУнун бир окуучусуна чыгашалар бир топ жогору. 2012-жылы алар 30 миң сомду түзөт. Бир мектеп окуучусу менен бир ПТУнун окуучусуна кеткен чыгашалардын ортосундагы мындай айырма төмөнкүчө түшүндүрүлөт: практикалык профессионалдык билим алуу үчүн ПТУда материалдарга жана жабдууларга чыгымдар талап кылынат.

ЖОЖдун бир окуучусуна чыгашалар 2009-жылы 19,2 миң сомду түзсө, 2012-жылы 37,2 миң каралган.

## Пенсиялык камсыздоо


Пенсиялык камсыздоого Республикалык бюджеттен чыгашалар өсүүдө – 2009-жылдагы 2 миллиард сомдон 2012-жылдагы дээрлик 11 миллиард сомго чейин. Пенсиянын базалык бөлүгүн каржылоого чыгашалар да 2010-жылдагы 1 миллиарддан 2012-жылдагы 5,5 миллиардга чейин өстү. Бул чыгашалар бардык пенсиялык системаны жаппайт, анткени Социалдык фонддун да каражаттары бар, ал эми бул фонддун бюджети өзүнчө мыйзам менен бекитилет жана 2012-жылдын Жарандык бюджетине кошулбайт.




# Социалдык коргоо


## Жумушсуздук боюнча жөлөк пул

2012-жылы жумушсуздук боюнча жөлөк пул алуучулардын саны болжол менен тогуз миң адамды түзөт, бул болсо 2009-жылкы деңгээлден эки эсе көп (төрт миң адам). Мында жөлөк пулдун орточо көлөмү олуттуу деле өзгөргөн эмес: 2009-жылы ал 350 сомду түзсө, 2012-жылы 380 сом болду.




## Коомдук-акы төлөнгөн ишти уюштуруу

Коомдук-акы төлөнгөн ишке тартылган жумушсуздардын саны өсүүдө: 2009-жылы 23 миң болсо, 2012-жылы 27 миңге жетти. Бир жумушсузга төлөнгөн акчанын орточо көлөмү 2009-жылы 800 сом болсо, 2010-жылы 700 сомго түштү, андан соң кайрадан 2011-жылы 750 сомго чейин өстү. 2012-жылы акчанын көлөмү мурдагы деңгээлине – 800 сомго жетти. 2010-жылы сумманын азайышы марттагы саясий окуялар жана июнда өлкөнүн түштүгүндөгү толкундоолор менен түшүндүрүлөт. Ошол маалда коомдук иштерге тартылган жарандардын санын кескин көбөйтүү зарылчылыгы пайда болгон.





## Жумушсуздарды профессионалдык жактан кайра даярдоо

Кайра даярдыктан өтүп жаткан жумушсуздардын саны эки жылда 100 адамга өстү: 2009-жылы 8 миң 400 адам болсо, 2011-жылы 8,5 миң болду. 2012-жылы 8,7 миң адамды кайрадан окутуу пландаштырылып жатат, бул болсо 2009-жылга караганда 300 адамга көбүрөөк. Бир жумушсузду кайра даярдоого төлөнчү акчанын орточо көлөмү 400 сомго өстү – 2009-жылы 3600 сом болсо, 2012-жылы 4250 сом болот.




## Жумушсуздарга микрокредит берүү

Жумушсуздардын ичинен кредит алгандардын саны 2009-2011-жылдары эки миң адамдын деңгээлинде кармалып турган. 2009-жылы кредиттин орточо көлөмү болжол менен 20 миң сомду түзгөн. 2012-жылы бир жумушсузга кредиттин көлөмү 32 миң сомдун деңгээлинде деп пландаштырылды.





# ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕР


Жергиликтүү бюджеттердин өз кирешелери 2009-2012-жылдары 7 миллиард сомдон 9,7 миллиард сомго чейин өстү. Категориялдык гранттар 2012-жылы мектептеги билим берүүнү каржылоого жөнөтүлдү, Жалал-Абад, Нарын, Ош жана Талас областтарынан тышкары (себеби бул областтар 2013-жылы каржылоонун жаңы принциптерине өтөт). Негизинен мугалимдердин айлыгы үчүн каралган категориалык гранттар эки жыл бою дээрлик бир деңгээлде – 4 миллиард сомдо кармалып турду, ал эми 2012-жылы кескин түрдө 10,7 миллиардга көбөйдү. Теңдөөчү гранттар 3,9 млрд. сомдон 10,8 млрд. сомго чейин өсүүдө. Жыл сайын теңдөөчү гранттар өсүүдө, 2012-жылы 2011-жылга караганда 25% – 763,2 млн. сомдон 954,9 млн. сомго чейин.




Жалпысынан жергиликтүү бюджеттердин көлөмү бара-бара 2009-жылдагы 13,4 миллиард сомдон 2011-жылдагы 22 миллиард сомго чейин көбөйүп келди. Көрсөтүлгөн каражаттардын ичинен өз кирешелердин эсебинен жабылган үлүшү ошол эле мезгил үчүн 2009-жылдагы 52 пайыздан 2011-жылдагы 39,5 пайызга чейин төмөндөдү. 2012-жылы өз каражаттарынын эсебинен жергиликтүү бюджеттер өз чыгашаларынын дээрлик 44% жабат.




Муниципалдык кызматкердин орточо айлыгы көп деле козголгон жок: 2009-жылы ал 4 600 сомду түзсө; 2012-жылы 4900 сом болду (мамкызматкердин айлык акысы – болжол менен 10 000 сом). 2012-жылы муниципалдык кызматкерлердин саны дээрлик 9 миң адамды түзөт. Муниципалдык кызматкерлердин штаты көбөйгөн учурда алардын орточо айлык акысы төмөндөп жана тескерисинче, алардын саны азайган учурда орто айлык акысы өсүп жатты.



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК МААЛЫМАТ РЕСУРСТАРЫ:

| | |
|---|---|
| **www.minfin.kg** | Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги |
| **www.kazna.gov.kg** | Каржы министрлигинин Борбордук казынасы |
| **www.okmot.kg** | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик маалымат ресурсу |
| **www.gov.kg** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү |
| **www.zakupki.okmot.kg** | Кыргыз Республикасынын электрондук мамлекеттик сатып алуулар порталы |
| **www.map.okmot.kg** | Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин экономикалык картасы |
| **www. services.okmot.kg** | Аткаруу бийлигинин органдары көрсөткөн мамлекеттик кызматтардын бирдиктүү реестри |
| **www. anticorr.gov.kg** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн коррупцияга каршы сайты |
| **www. budget.okmot.kg** | КР Каржы министрлигинин “Ачык бюджет” порталы |
| **www. address.okmot.kg** | Мамлекеттик органдардын электрондук маалыматнаамасы |
| **www. forum.okmot.kg** | Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин форуму |

# КР КАРЖЫ МИНИСТРЛИГИНИН БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТЫ

**www.minfin.kg**

**Коомдук кабылдама:** тел.: +996 (312) 66-12-27
факс: +996 (312) 66-16-45

# ИШТЕП ЧЫККАНДАРДЫН БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТЫ

**www.dpi.kg**

Өнүктүрүү саясат институту,
Бишкек ш.,Үсөнбаев көч., 44
Тел.: +996 (312) 97-01-04
+996 (770) 77-11-56
+996 (770) 77-17-11

**dpi.office.kg@gmail.com**
**jyldyz.dpi@gmail.com**